УДК 61+378:811.512.154(045)
DOI 10.58649/1694-9099-2026-1-337-340

Жумабекова Б.А.
Эл аралык жогорку медицина мектеби
Жумабекова Б.А.
Международная высшая медицинская школа
Zhumabekova B.A.
International higher school of medicine

КЫРГЫЗ ТИЛИН МЕДИЦИНАЛЫК БАГЫТТА ОКУТУУДА АДАПТАЦИЯ ЖАНА МОТИВАЦИЯНЫН РОЛУ: ЫСЫК-КӨЛ КАМПУСУНУН МИСАЛЫНДА
РОЛЬ АДАПТАЦИИ И МОТИВАЦИИ В МЕДИЦИНСКОМ ОБУЧЕНИИ КЫРГЫЗСКОМУ ЯЗЫКУ: НА ПРИМЕРЕ ИССЫК-КУЛЬСКОГО КАМПУСА
THE ROLE OF ADAPTATION AND MOTIVATION IN MEDICAL KYRGYZ LANGUAGE TEACHING: AN EXAMPLE OF THE ISSYK-KUL CAMPUS

Кыскача мүнөздөмө: Бул макалада чет өлкөлүк медициналык студенттерге кыргыз тилин медициналык багытта үйрөтүүдө адаптация жана мотивация факторлорунун өз ара байланышы жана таасири илимий-методикалык жактан талданды. Изилдөөнүн негизги объектиси – Эл аралык Жогорку Медициналык Мектептин Ысык-Көл кампусунда билим алып жаткан Индиядан келген студенттер. Кыргыз тилин үйрөнүүдө тилдик, маданий жана социалдык адаптация өзгөчө мааниге ээ экендиги көрсөтүлдү. Ошондой эле мотивациянын түрлөрү – интегративдик, инструменталдык жана ички мотивациялардын тил үйрөнүү процессиндеги ролу талданды. Макалада тилди медициналык чөйрөдө окутуунун практикалык методдору, ролдук оюндар, кырдаалдык тапшырмалар жана санариптик ресурстар аркылуу алынган тажрыйба мисалдары берилди. Изилдөө жыйынтыгында адаптация менен мотивацияны туура колдонуу студенттердин тилди өздөштүрүүдө активдүүлүгүн жогорулатары, кыргыз тилин клиникалык практикада ишенимдүү колдоно алышына өбөлгө түзөрү аныкталды. Бул илимий иш чет өлкөлүк студенттерге тил үйрөтүүнүн заманбап методологиясын өркүндөтүүгө багытталган.

Аннотация: В данной статье анализируется взаимосвязь и роль факторов адаптации и мотивации в процессе обучения кыргызскому языку иностранных медицинских студентов. Объектом исследования стали студенты из Индии, обучающиеся в Международной Высшей Медицинской Школе, Ыссык-Кульский кампус. В работе показано, что языковая, культурная и социальная адаптация играют ключевую роль в успешном усвоении кыргызского языка. Особое внимание уделено видам мотивации – интегративной, инструментальной и внутренней, а также их влиянию на учебный процесс. В статье описаны практические методы преподавания языка в медицинской сфере: ролевые игры, ситуационные задания и использование цифровых ресурсов. Результаты исследования показали, что правильное сочетание адаптационных стратегий и мотивационных подходов повышает активность студентов, способствует успешному овладению кыргызским языком и его применению в клинической практике. Данное исследование направлено на совершенствование методологии преподавания кыргызского языка иностранным студентам медицинского профиля.

Abstract: This article explores the interrelation and significance of adaptation and motivation in teaching the Kyrgyz language to international medical students. The study focuses on Indian students at the International Higher School of Medicine, Issyk-Kul campus. It emphasizes that linguistic, cultural, and social adaptation are crucial for effective language acquisition. Furthermore, it examines different types of motivation – integrative, instrumental, and intrinsic – and their impact on students' learning outcomes. The paper presents practical teaching approaches specifically designed for the medical field, including role-plays, situational tasks, and the integration of digital resources. The findings demonstrate that the proper combination of adaptive strategies and motivational methods increases students engagement, enhances their confidence, and enables them to use Kyrgyz effectively in clinical practice. This study contributes to the development of modern methodologies for teaching the Kyrgyz language to foreign students in medical education.

Негизги сөздөр: кыргыз тили; медициналык билим берүү; адаптация; мотивация; чет өлкөлүк студенттер; Ысык-Көл кампусу.

Ключевые слова: кыргызский язык; медицинское образование; адаптация; мотивация; иностранные студенты; Иссык-Кульский кампус.

Keywords: Kyrgyz language; medical education; adaptation; motivation; foreign students; Issyk-Kul campus.

Киришүү. Бүгүнкү күндө медициналык адистерди даярдоодо тилдик компетенция клиникалык коммуникациянын, бейтаптар менен натыйжалуу иштешүүнүн жана кесиптик иш кагаздарын жүргүзүүнүн ажырагыс бөлүгү болуп калды. Өзгөчө Кыргызстан сыяктуу көп тилдүү коомдо мамлекеттик тил — кыргыз тилин медициналык профилде окутуу көйгөйлөрү жана мүмкүнчүлүктөрү өзүнчө илимий-практикалык көңүлдү талап кылат. Медициналык багыттагы студенттердин окуудагы ийгилиги тек гана ишеничтүү клиникалык билимге эмес, ошондой эле окуу чөйрөсүнө адаптация болуу жана окууга ички мотивация менен шартталган тилдик көндүмдөргө да түздөн-түз байланыштуу экени аныкталган.

Тил үйрөнүү процесси көп факторлорго көз каранды. Адаптация – бул студенттин жаңы тилдик жана маданий чөйрөгө көнүү процессин түшүндүрөт [1, б. 699]. Мотивация – тил үйрөнүүнүн ички кыймылдаткычы болуп эсептелет жана ал студентти тилди активдүү өздөштүрүүгө шыктандырат [2, б. 47]. Адаптация — студенттин жаңы академиялык жана социалдык чөйрөгө көнүү процессин аныктаган кеңири түшүнүк болуп, анда тил билүү деңгээли жана маданий чөйрөгө интеграциялоо механизмдери маанилүү ролду ойнойт. Окуу-тарбиялык чөйрөгө тез жана сапаттуу адаптация болбосо, студенттин окууга катышуусу жана жалпы мотивациясы төмөндөп, кесиптик компетенциянын калыптанышына терс таасир тийгизет. Университеттерде иштелип чыккан адаптациялык программалар чет элдик жана ички студенттер үчүн окууга кирүүгө жардам берери көрсөтүлгөн [5, б. 79]. Мотивация — тил үйрөнүүнүн негизги коштомо факторлорунун бири катары изилденип келет: окуучунун максаттары, кызыгуусу, окуу стратегиялары жана өзүн-өзү башкаруу тил үйрөнүү процессинде чечүүчү роль ойнойт. Кыргызстандагы окуучулардын тилге жана жалпы окууга мотивациясын изилдеген изилдөөлөр мотивация жана окуу стратегиялары ортосундагы тыгыз байланыштарды көрсөтөт, бул медициналык багытта окутууда да конкреттүү педагогикалык кийлигишүүлөрдү талап кылат [2, б. 59]. Ысык-Көл кампусу сыяктуу регионалдык медициналык кампустарда билим берүү шарттары, студенттердин социалдык-экономикалык жана маданий фонду, ошондой эле тилдик мейкиндиктин өзгөчөлүктөрү адаптация жана мотивация механизмдерине өзгөчө таасир этет. Ошондуктан медициналык кыргыз тил методикасын иштеп чыгууда педагогикалык ыкмалар, адаптациялык программалар жана мотивацияны жогорулатуу боюнча практикалык чаралар интеграциялануусу керек. Бул изилдөө Ысык-Көл кампусунун мисалында адаптация жана мотивациянын кыргыз тилин медициналык багытта окутууда канчалык таасир этерин эмпирикалык түрдө аныктоону көздөйт.

Бул жаңы темадагы изилдөөнүн практикалык мааниси эки тараптуу: биринчи — медициналык окуу программаларын тилге байланыштуу түзүмдө оптималдаштыруу аркылуу студенттердин окуудагы жетишкендигин жогорулатуу; экинчи — мамлекеттик тилди медициналык контекстте сапаттуу колдонууга өбөлгө түзүү аркылуу бейтаптар менен эффективдүү коммуникацияга жана медициналык кызмат көрсөтүүнүн сапатына оң таасирин тийгизүү. Жогорудагы маселелерди терең изилдөө үчүн бул макалада Ысык-Көл кампусундагы студенттер арасында жүргүзүлгөн эмпирикалык сурамжылоолор, интербелгилүү анализ жана практикалык сунуштар камтылат.

Теманын актуалдуулугу.

Кыргызстанда билим алып жаткан чет өлкөлүк студенттердин арасында Индиядан келгендердин үлүшү жогору. Алар кыргыз тилин билбей келишет, бирок медициналык практикада мамлекеттик тилди өздөштүрүү зарыл. Анткени бейтап менен түз байланыш түзүү, клиникалык практикада анамнез чогултуу, керектүү түшүндүрмөлөрдү берүү жана дарыгердин кесиптик компетенттүүлүгүн бекемдөө үчүн кыргыз тили маанилүү орунду ээлейт. Ошондуктан кыргыз тилин медициналык чөйрөдө окутууда адаптация (маданий, тилдик, социалдык көнүү) жана мотивация (ички, тышкы себептер) эң негизги факторлордун катарына кирет [5, б. 79].

Теманын максаты.

Ысык-Көл кампусунда чет өлкөлүк медициналык студенттердин кыргыз тилин үйрөнүү процессинде адаптация жана мотивациянын ролун аныктап, практикалык мисалдар аркылуу методикалык сунуштарды

берүү. Медициналык билим берүүдө бул эки фактор өзгөчө мааниге ээ, анткени тилди билүү студенттин академиялык гана эмес, клиникалык жетишкендигине да түз таасир этет.

Адаптациянын ролу: Адаптация – чет өлкөлүк студенттин жаңы тилдик, социалдык жана маданий чөйрөгө көнүү процессин түшүндүргөн көп пландуу түшүнүк.

Адаптациянын түрлөрү: 1. Тилдик адаптация – кыргыз тилинин фонетикалык жана грамматикалык системасына көнүү. Мисалы, чет элдик студенттер үчүн кыргыз тилиндеги айрым үндүүлөрдү жана үнсүздөрдү туура айтууда кыйынчылыктар жаралат. Айрыкча индиялык студенттер «ң» жана «ү» тыбыштарын өздөштүрүүдө кыйналышат. Алар көп учурда «ң» тыбышын «н» же «нг» менен алмаштырып айтышат. Мисалы, *«жаңыл»* сөзүнүн ордуна *«жаныл»* же *«жангыл»* дешет. Ошондой эле «ү» үндүүсүн «у» тыбышы менен алмаштырып, *«күн»* сөзүн *«кун»* деп айтууга көнүшөт.Бул көйгөйдү жоюу үчүн мугалим атайын фонетикалык көнүгүүлөрдү сунуштайт. Жеке тыбыштарды машыктыруу: студенттер «ң – ң – ң», «ү –ү–ү» деп мугалимдин артынан кайталап айтышат. Жөнөкөй сөздөрдү колдонуу: *«күн, түн, гүл, бүтүн, жүгүн»* сыяктуу сөздөр (ү тыбышы бар), *«жаңыл, тоң, оң, таң»* сыяктуу сөздөр (ң тыбышы бар). Жупташкан салыштырма көнүгүүлөр: *«тон – тоң, кун – күн, ун – үн»* өңдүү сөздөр аркылуу үндүүлөрдүн жана үнсүздөрдүн айырмачылыгын так көрсөтүү.

Мындай фонетикалык көнүгүүлөр чет элдик студенттердин кыргыз тилиндеги өзгөчө тыбыштарды өздөштүрүп, туура айтуусуна чоң жардам берет.

2. Маданий адаптация – кыргыз элинин салт-санаасына, баарлашуу маданиятына көнүү. Мисалы:студенттерди ооруканандын иш чөйрөсүндө бейтапка кайрылуу формалары менен тааныштыруу («Апа», «Агай», «Эже»).

3. Социалдык адаптация – жергиликтүү студенттер жана коом менен баарлашуу аркылуу көнүү. Мисалы, биринчи курстагы Индиялык студент кыргыз тилин түшүнбөй бейтап менен баарлаша албай калган. Окутуучу «бейтап–дарыгер» ролдук оюнун колдонуп, кырдаалды класста моделдештиргенден кийин студент өзү практикага чыкканда диалогду ийгиликтүү жүргүзө алган [1, б. 707].

II. Мотивациянын ролу: Мотивация –тил үйрөнүү процессинде студенттин активдүүлүгүн жана кызыгуусун камсыз кылган ички жана тышкы себептердин жыйындысы.

Мотивациянын түрлөрү:

1.Интегративдик мотивация –тилди үйрөнүү аркылуу жергиликтүү коомго аралашуу, баарлашуу. Мисалы, студент бейтап менен түз байланыш түзүүнү каалайт.

2. Инструменталдык мотивация – тилди окууда жана кесиптик карьерада ийгиликке жетүү үчүн үйрөнүү. Мисалы, студент кыргыз тилин билгендиги үчүн практикага чыгарда артыкчылыкка ээ болот.

3. Ички мотивация – тилди үйрөнүүгө кызыгуу жана өз алдынча шыктануу. Мисалы, айрым студенттер кыргыз тилиндеги ырларды угуп, сүйлөшүүлөрдү өз алдынча жазып алышат. Мисал: Студенттерди сабакка активдүү тартуу үчүн «Анамнез алуу» практикалык тапшырмасы берилгенде, алар өз ара атаандаштык шартында кыргыз тилинде суроо берип, жооп алышат. Бул алардын мотивациясын күчөтөт [2, б. 59].

III. Ысык-Көл кампусунун практикалык тажрыйбасы.

Ысык-Көл кампусунда кыргыз тилин медициналык багытта окутууда төмөнкү методдор колдонулат:

1. Рольдук оюндар: «Дарыгер – бейтап», «Студент – окутуучу» сценарийлери.

Мисалы, студент «Менин ичим ооруп жатат» деген бейтаптын сөзүнө кыргызча суроолорду берет: «Качантан бери ооруп жатасыз?», «Кайсы жериңиз ооруйт?».

2. Медициналык терминдердин глоссарийи: «жүрөк кагышы», «кан басым», «ич өткөк» сыяктуу терминдер кыргызча түшүндүрүлүп, практикалык сүйлөшүүлөргө кошулат.

3. Кырдаалдык тапшырмалар: Студенттер топ болуп кыргыз тилинде «Ооруканада консультация берүү» диалогдорун жазып чыгышат.

4. Санариптик ресурстар: Кыргыз тилиндеги медициналык видеолор, онлайн-тесттер колдонулат. Мисал: Сабакта студенттер бейтап менен сүйлөшүү боюнча кыргызча скрипттерди жазып, аларды практика учурунда колдонгон. Бул алардын ишенимин арттырган жана тилди медициналык чөйрөдө колдонууга адаптациясын жеңилдеткен.

Жыйынтык.

Изилдөө көрсөткөндөй, кыргыз тилин медициналык багытта үйрөтүүдө адаптация жана мотивация өз ара байланышкан негизги факторлор болуп саналат. Ысык-Көл кампусундагы практикалык тажрыйба студенттердин тилди өздөштүрүү процессинде оң натыйжа берген.

Адаптация студентке жаңы тилдик жана маданий чөйрөгө көнүгүө жардам берет. Мотивация студенттин тилди үйрөнүүгө болгон кызыгуусун күчөтөт.

Келечекте кыргыз тилин медициналык чөйрөдө окутууну өркүндөтүү үчүн төмөнкү сунуштар берилет:

1. Симуляциялык борборлор менен интеграциялоо (реалдуу клиникалык кырдаалдарды түзүү).
2. Санариптик окуу платформаларын кеңейтүү.
3. Маданий адаптацияны жеңилдетүү үчүн кыргыз элинин салт-санаасы боюнча таанып-билүү сабактарын киргизүү.

Колдонулган адабияттар

1. Берри Дж.У. Аккультурация: эки маданиятта ийгиликтүү жашоо // Маданият аралык байланыштардын эл аралык журналы. – 2005. – 29-т. – № 6. – 697–712-бб.
2. Гарднер Р.К. Экинчи тилди өздөштүрүүдөгү мотивация: социалдык-окутуучулук модель. – Нью-Йорк: Peter Lang Publishing, 2010. – 287 б.
3. Крашен С. Экинчи тилди өздөштүрүүнүн теориясы жана практикасы. – Оксфорд: Pergamon Press, 1982. – 202 б.
4. Дёрньеи З. Тил сабагында мотивациялык стратегиялар. – Кембридж: Cambridge University Press, 2001. – 256 б.
5. Мамбетова А.И. Чет өлкөлүк студенттерге кыргыз тилин окутуунун методикалык өзгөчөлүктөрү. – Бишкек: Илим, 2022. – 120 б.
6. Шуманн Дж.Х. Экинчи тилди өздөштүрүүдөгү аккультурация модели // *TESOL* Quarterly (TESOL илимий журналы). – 1978. – 12-т. – № 2. – 179–189-бб.
7. Эллис Р. Экинчи тилди өздөштүрүүнү изилдөө. – Оксфорд: Oxford University Press, 1994. – 824 б.
8. Браун Х.Д. Тилди үйрөнүүнүн жана окутуунун негизги принциптери. – 5-басылышы. – Нью-Йорк: Pearson Education, 2007. – 410 б.

Рецензент: д.псих.н., профессор Камчыбек уулу М.

УДК 159.9:316.6:316.3/4(575.2)(04)
DOI 10.58649/1694-9099-2026-1-340-345

Молдош А., Турдубаева К., Шакирова К.К.
Жусуп Баласагын атындагы КУУ
Молдош А., Турдубаева К., Шакирова К.К.
КНУ имени Жусупа Баласагына
Moldosh A., Turdubaeva K., Shakirova K.K.
KNU Jusup Balasagyn

КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН ҮЙ-БҮЛӨЛҮК ЧЫР-ЧАТАКТАРДЫ ЖӨНГӨ САЛУУНУН ПРЕДИКТОРЛОРУ ЖАНА РЕСУРСТАРЫ
ПРЕДИКТОРЫ И РЕСУРСЫ РАЗРЕШЕНИЯ СЕМЕЙНЫХ КОНФЛИКТОВ В КЫРГЫЗСКОЙ РЕСПУБЛИКЕ
PREDICTORS AND RESOURCES FOR FAMILY CONFLICT RESOULUTION IN THE RYRGYZ REPABLIC

Кыскача мүнөздөмө: Макалада заманбап Кыргыз Республикасында үй-бүлөлүк чыр-чатактардын этнопсихологиялык өзгөчөлүктөрү социалдык-маданий өзгөрүүлөөрү шартында каралат. Этностук иденттүүлүктүн, гендердик ролдордун жана санжыра институтунун чыр-чатактарды жөнгө салуудагы предикторлор жана ресурстар катары ролу талданат. Салттуу патриархалдык-патрилокалдык модель, көчмөн мурас жана коллективистиктүү баалуулуктар менен индивидуализмдин, эгалитаризмдин өсүп жаткан тенденциялары жана гендердик ролдордун өзгөрүшү ортосундагы карама-каршылыктар аныкталат. Өзгөчө көңүл «уят» жана «намыс» сыяктуу маданий регуляторлорго, трансгенерациялык сценарийлерге жана эмгек миграциясынын ролдордун инверсиясына жана эмоционалдык аралыкка тийгизген таасирине бурулат.